аткаруучу органынын расмий сайтына жайгаштырылат, ал эми ал жок болгон учурда – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын маалымат тактасына (текчесине) жайгаштырылат жана кызыкдар жактардын суроо-талаптары боюнча берилет.

32. Конкурстук билдирмелер конкурстун катышуучуларына тизмек боюнча берилет, конкурстун катышуучуларынын колдору коюлат жана мөөрлөр менен күбөлөндүрүлөт (юридикалык жактар үчүн).

33. Конкурс жөнүндө кулактандырууда көрсөтүлгөн конкурстук билдирмелерди кабыл алуунун мөөнөтү аяктаганга чейин, почта менен жиберилген конкурстук билдирмелер, мөөнөтүндө берилген болуп эсептелет.

34. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы берилген конкурстук билдирмелерди конкурстун катышуучуларын каттоого алуу журналына каттайт. Конкурстун катышуучуларын каттоого алуу журналы кагаз жүзүндө жүргүзүлөт жана төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

1) конкурстук билдирмелер берилген дата жана убакыт;

2) конкурстук билдирмелердин катталган номерин;

3) конкурстун катышуучусунун фамилиясын, атын, атасынын атын (жеке адамдар үчүн) жана конкурстун катышуучусунун аталышын (эридикалык жактар үчүн);

4) конкурстун катышуучусунун почта дарегин, электрондук почта дарегин жана телефон номерин;

5) жергиликтүү демилгенин аталышын;

6) конкурстук билдирмеге кошулган документтердин тизмегин.

## 5. Конкурсту болбой калды деп таануу жана кайрадан конкурс өткөрүү

35. Конкурс төмөнкү учурларда болбой калды деп таанылат:

1) конкурстук билдирмелер болбогондо же болбосо конкурска катышууга бир конкурстук билдирме келип түшкөндө;

2) баардык конкурстук билдирмелер конкурс жөнүндө кулактандырууда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү бузуу менен берилгенде.

36. Конкурс болбой калды деп таанылган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы, конкурс болбой калды деп таанылган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен, кайрадан конкурс жарыялоого милдеттүү. Кайрадан өткөрүлгөн конкурс болбой калды деп таанылган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы жаңы конкурс жарыялоого же болбосо жергиликтүү демилгени каржылоого арналган каражаттарды, жергиликтүү бюджетте каралган башка максаттарга пайдаланууга укуктуу.

## 6. Долбоордук сунуштарды баалоо

37. Конкурстук билдирмелерди баалоонун критерийлери, ушул Типтүү жобого карата *5-Тиркемеге* ылайык форма боюнча, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан түзүлгөн баалоо баракчасында камтылган.

38. Конкурстук билдирмелер комиссия мүчөлөрүнө кагаз түрүндө же болбосо электрондук формада берилет.

39. Конкурстук билдирмелерди баалоо эки этапта жүргүзүлөт.

Баалоонун биринчи этабында, комиссия ар бир конкурстук билдирмени төмөнкү критерийлер боюнча баалайт:

1) жергиликтүү демилге жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги бир же бир нече маселесин чечүүгө багытталган;

2) жергиликтүү демилге жүзөгө ашырыларлык;

3) арыз конкурс жөнүндө кулактандырууда көрсөтүлгөн мөөнөттө берилген;

4) жергиликтүү демилгени каржылоого суралган акчанын суммасы, конкурс жөнүндө кулактандырууда көрсөтүлгөн акча каражаттарынын максималдуу суммасынан ашпайт (эгерде ушундай сумма белгиленсе).

Мында бул этапта конкурстук билдирмелерди баалоо комиссиянын ар бир мүчөсү тарабынан эмес, а бүтүндөй комиссия тарабынан жүргүзүлөт.